Evocative symbols give expression to feelings. Their meanings are expressive, affective, irrational; they refer to such feelings, ways of knowledge and understanding that go beyond ordinary experience and cannot be empirically verified. From Warner's point of view, these symbols play an extremely important role in preserving social life and maintaining the solidarity of community members: people they need signs "as external forms to give sensory reality to those feelings and ideas that fill their spiritual life." Thanks to evocative symbols, these weightless and elusive feelings and ideas are transferred to the world of perceived "objective reality"; a stable and stable symbolic environment is one of the most important mechanisms for preserving society. The majority of symbols appearing in everyday life belong to the intermediate type; they combine the properties of referential and evocative symbols.

**References:**


1. Antonov V.I. Symbol as a cultural category. – Moscow: Publishing House "Luch", 1992. 32 p.
2. Avanesova G.A. Dynamics of culture. – M.: Dialog-MSU, 1997. -57 p.
3. Avanesova G.A., Astafieva O.N. Socio-cultural development of Russian regions: mechanisms of self-organization and regional policy. Moscow: Publishing House of RAGS, 2001. – 314 p.
4. Averintsev S.S. Two births of European rationalism//Questions of philosophy. 1989. – No. 3. – pp. 3-9.
5. Barkova A. L. New Year: symbolism of modern ritual//Human. No. 1. – 2002. – pp.56-67.
6. Battistini M. Symbols and allegories: visual codes of concepts in the space of fine art. M.: Omega, 2006. – 381 p.
7. Sartbekova N.K. // Innovative technologies in linguistics// Zhanylyktar –Vesti – News. Scientific Information Journal "Science and Innovative Technologies" No. 2/2016 (2). P.33-35.
8. Sartbekova N.K. // History and development of arts and crafts of Kyrgyzstan //Sartbekova N.K., Rajapova N.A., Juzbaeva A. // Astra Salvensis, Supplement no. 1, 2019. P.25-31.
9. Wikipedia


УДК 82.0(045)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-24-28

**Джолдошбаева Кадыча Маматалиевна, Борсунбаева Зуура Эсенбаевна**
Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура,университети, кыргыз тили жана адабияты кафедрасы, улук окутуучу,
Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети, кыргыз тили жана адабияты» кафедрасы, улук окутуучу
**Джолдошбаева Кадыча Маматалиевна, Борсунбаева Зуура Эсенбаевна**
Кыргызский государственный университет строительства, транспорта и архитектуры им. Н. Исанова, кафедра кыргызского языка и литературы, старший преподаватель,
Кыргызский государственный университет строительства, транспорта и архитектуры им. Н. Исанова, кафедра кыргызского языка и литературы, старший преподаватель
**Zholdoshbaeva Kadycha Mamatalievna, Borsunbaeva Zuura Esenbaevna**
Kyrgyz State University of Construction, Transport and Architecture named after N.Isanov, Department of Kyrgyz Language and Literature, Senior Lectirer,

Kyrgyz State University of Construction, Transport and Architecture named after N.Isanov,
Department of Kyrgyz Language and Literature, Senior Lectirer

# АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН КЭЭ БИР КӨЙГӨЙЛӨРҮ
# НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ ПРИ ИЗУЧЕНИИ ЛИТЕРАТУРНЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ
# SOME PROBLEMS IN THE STUDY OF LITERARY WORKS

**Аннотация:** Бул макалада адабий чыгармаларды окутуудагы көз караштар, сунуштар каралып, жаштардын руханий жан дүйнөсүн, эстетикалык аң-сезимин калыптандыруучупредмет катары кароого көңүл бурулуп, ошондой эле чыгарманы окууда кызыгуусун арттырып, чыгармадагы көйгөйлөрү түшүнө билүүсүнө, сабактарды ар кандай ыкмалар менен өтүүнү сунуштаганга аракеттендик. Ошондой эле акын-жазуучуларыбыздын чыгармаларындагы оң-терс, жакшы-жаман болгон көрүнүштөргө токтолуп, аны талкуулап, ой-жүгүртүүсүнө көңүл бурдук. Ырларды окуудагы көркөмдүктү сактоого, чыгармаларды окуудагы интонацияга сактоо жөнүндө айтылды.

**Аннотация:** В данной статье речь идет о некоторых проблемах при изучении литературных произведенияй, постарались дать свои предложения для заинтересованности молодежи при изучение произведений, которое помогает студентам в становлении духовного и эстетического сознания.Также было обращено внимание на содержание произведений, выразительность и постановку интонации при изучении.

**Abstract:** This article deals with some problems in the study of literary works, tried to give their suggestions for the interest of young people in the study of literary works, which helps students in the development of spiritual and aesthetic consciousness. Also, attention was paid to the content of the works, expressiveness and intonation during the study.

**Негизги сөздөр:** адабият, руханий, эстетика, жазуучулар, адеп, аң-сезим, тарбия, чыгарма, ой-жүгүртүү,көркөм.

**Ключевые слова:** литература, духовность, эстетика, произведение,молодежь, сознание, мышление, выразительно.

**Key words:** adabiyat, roaring, aesthetics, adep, en-sezim tarbiya chygarma

Адегенде, ушул адабият деген сөзгө саресеп салып, маңызын кененирээк түшүнүүгө көңүл буралы, себеби баарыбыз эле билебиз деп ойлогонубуз менен, биз аны жалпылаштырып гана түшүнөбүз. Адабиятты окуудан мурда, аны толук чечмелеп, анын тарыхына, жанрларына, түрлөрүнө көңүл буруу зарыл, ансыз адабиятты толук түшүнүүгө болбойт. Ошондан улам ушуларга көз чаптырсак.

Адабият деген эмне? Адабият (араб – адептүүлүк, ыймандуулук) – искусствонун сөз өнөрү менен ишке ачуучу, дуйнөнү образдуу чагылдырууга негизделген түрү. Бул түшүнүк кең мааниде бардык эле жазылган чыгармаларга карата колдонулат. Маселен, илимий адабият, техникалык адабият, медициналык адабият жана башка. Ал эми тар мааниде – көркөм чыгарма дегенди билдирет. Адабият адам жаралгандан бери эле жашап келет. Кыргыздарда термин катары бул сөз революциядан кийин тилибизге кошулду. Көркөм адабият – коомдук аң-сезимдин бир формасы. Анын өсүшү, өзгөрүшү ошол коомдук турмуш менен тыгыз байланыштуу. Искусствонунайрым түрлөрүндө, мисалы, сүрөттө – боёк, бийде – кыймыл-аракет, музыкада үн негизги курулуш материал болсо, адабиятта мындай

кызматты сөз аткарат. Ошондуктан андаар кандай идея, тема сөздүн жардамы аркылуу ачылат.

Адабият оозеки айтылса, анда ал угууга ылайыкталат, ал эми жазуу формасында болгондо окурмандык кабыл алууга ыңгайлашат. Адабиятта ар түрдүү тектер, жанрлар турмушту чагылдыруунун өзгөчөлүктөрүнө ылайык аракеттенет. Ал адамдарга таануучулук, тарбиялоочулук, өстүрүп-өнүктүрүүчүлүк, эстетикалык рахат берүүчүлүк кызмат кылат да, ар түрдүү көркөм методдордо, агымдарда ар кыл өзгөчөлүктөргө ээ болот. “Адабият – элдин аң-сезими, жарыгы, жемиши, алардын жашоо турмушу” (В.Г.Белинский) болуу менен “адамтаануу” (М.Горький) катары элдин рухий турмушун дайыма коштоп келатат. Адабият – сөз өнөрү деп да айтылат.

1. Илимий, көркөм, саясий жана башка чыгармалардын жалпы жыйындысы, ар кандай китептер, журналдар ж.б.
2. Турмуштук кубулуштарды, окуяларды, көркөм чыгармаларды, образдарды сөз аркылуу сүрөттөп көрсөтүүчү искусствонун бир түрү, проза же поэзия түрүндөгү көркөм чыгармалар.

Бул адабиятка берилген аныктама, ушул жалпы адабиятка берилген аныктамадан кыргыз адабиятынын аныктамасын бөлүп карап көрө турган, кыргыз адабиятында фольклордун, башкача айтканда, элдик оозеки чыгармачылык орду эбегейсиз чоң экендигин байкасак болот.

Кыргыз адабияты көркөм сөз өнөрү жаралыш өзгөчөлүгүнө жараша негизги эки чоң бөлүктөн турат: 1) элдик оозеки чыгармачылык, башкача айтканда фольклор; 2) жазма адабият. «Адабият» түшүнүгү араб тилинен кирген «адеп» («адаб») сөзү менен байланыштуу. Ал адамдарды жакшы мүнөз, жүрүмтурумга багыттоочу, турмуш сырларын түшүндүрүү максатында жаралган чыгарма деген маанини берет. Бул сөз айрым тилдердегидей [(мисалы, литература — literatura (тамга) деген латын сөзүнөн келип чыккан)] түздөн түз «тамга», «жазуу» түшүнүктөрүнө байланышпагандыктан, азербайжан, казак, кыргыз, өзбек, татар, түркмөндөрдө элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн да көп учурларда эл адабияты, калк адабияты, оозеки адабият деп аташат. Ошентсе да, «адабият» бүгүнкү күндө, негизинен, жазма адабий чыгармачылык түшүнүгүн берүүчү термин катары колдонулат. Бардык элдердегидей эле кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн алгачкы үлгүлөрү оозеки формада жаралып, өнүгүп калыптанган. Элдин дүйнө таанымын, ойтилегин, максат-мүдөөлөрүн, асылдык, көркөмдүк жөнүндөгү түшүнүктөрүн чагылдырган көркөм сөз үлгүлөрү муундан муунга, оодон оозго өтүп жашап келген. Нечен кылымдык карт тарыхында кыргыздардын оозеки, поэтикалык бай, санжыргалуу салттары калыптанган....

Ондогон кылымдарды карытып, жалпы адам баласынын оомалуу-төкмөлүү, тарыхый жолунда өзүнө гана таандык из калтырып, тириликтин машакаттуу жолун басып, жашоонун өзгөчо татаал жолун чыйырындагы миңдеген тоскоолдуктардан өтүп, өмүр-өлүм үзөңгүлөш жүргөн далай кагылыш-кармаштарды баштан кечирип, өз атын, өзгөчө белгилерин жоготпой сактап келе жаткан түптүү элдин кыргыздардын урпактарга калтырган баалуу байлыктарынын бири – оозеки көркөм чыгармачылыгы болуп саналуусу баарыбызга белгилүү десек адашпайбыз.

Техникалык жогорку окуу жайларда кыргыз адабияты сабагында элдик оозеки чыгармачылыктын эпикалык түрүнө азыраак көңүл буруп, көбүн эсе дидактикалык жана лирикалык түрлөрүнө көңүл буруубуз туурабы деген ой келет, себеби эпикалык түрүн манастаануу сабагынан да окуп келишет. Элдик оозеки чыгармачылыктагы макал-лакаптар,

санат-насыят, терме ырлары, табышмактарынын так, даана, учурдагы жагдайларга топ келгендиги, ал эми лирикалык ( арман, кошок, жарамазан, айтыш, жар-жар, акыйнек, эмгек) ырларынын тереңдиги, актуалдуулугу ушул күнгө чейин сакталып келгендигинин өзү эле кандай керемет. Ушул сыяктуу эле элдик оозеки чыгармачылыкта улуттук каада-салт, үрп-адаттар менен таанышууга, элдик таалим-тарбия үлгүлөрүнүн негизги каражаттары катары да билсек болот. Элдик оозеки чыгармачылыкты окууда лирикалык жана драмалык каармандын образынын өзгөчөлүгүн ачып берип, өзүнүн түшүнгөнүн тексттен мисал келтирүү менен ырастап берүүсүн талап кылуу. Эпикалык, лирикалык жана драмалык чыгармалардагы көркөм образдарды айырмалай билүү, өзүнүн түшүнгөнүн тексттен мисал келтирүү аркылуу ырастап берүү болуп саналат.

Ошол себептен педагогикалык эмес окуу жайлардын студенттерине адабият сабагында элдик оозеки көркөм чыгармачылыгын окутууда студенттерди кыргыздын нарктуулугун сактап, мекенчилдикке үндөп тарбиялоо зарылчылыгы бар сыяктуу сезилет. Ошону менен бирге ырларды жаттодо көркөм окууга, интонацияга жана тыныш белгилерине да көңүл буруусу абзел, жаттай турган ырды да өздөрүнүн тандоосуна калтыруу керек, себеби ал мааниси, рифмасы, сөздөрүнүн уйкашып айтылышы жагынан да өзүнө жаккан ырларды тандаганга аракет кылат. Менин оюмча ырларды көбүрөөк жаттаттуу керек, себеби эске тутуусун өстүрөт. Эгерде аларга Ш.Дуйшеевдин ырынан жаттого тандатсак, алар көбүнчө “Кайдыгерлик”, “Эне тилин унуткандар” тандаганын байкасак болот.Ал эми аңгеме, повесть, роман, драмаларды окуп, аларды талкууга алып окутуу зарыл, себеби, мектептен кийинки учурда жаштар жогорку окуу жайларда өздөрүн дагы бир муунга өскөндөрүн байкап, аң-сезими өсүп, жалпы эле жашоого, сабактарга болгон мамилеси көп болбосо да, бир аз өзгөргөнүн байкасак болот.Ушул чоң чыгармаларды окууда да өздөрүнүн тандоосун калтыруу керек, бирок бир ой туулат, алар окуган чыгармасын эле кайталап окуп калат деген, ошондой болбош үчүн алардан алдын ала окуган чыгармаларын сурап билип алуу керек.

Ошол себептен Кыргыз адабияты сабагы жаш муундардын руханий жан дүйнөсүн, эстетикалык аң сезимин, көркөм табитин, адептик-ыймандык жүрүм –турумун калыптандыруучу предмет катары өзгөчө мааниге ээ экендигин белгилеп, бирок сааттын көлөмүнүн аздыгын айта кетиш керек. Ушундан улам кыргыз адабиятын окутуунун сапатын көтөрүү алдыда турган өтө актуалдуу маселе болуп саналып келет.

Адабиятты окутуунун кайсы гана этабында болбосун, чыгарманын көркөм образын, эстетикалык сулуулугун анын идеялык адеп-ахлактык мазмуну менен бирдикте окутуп үйрөтүүгө көңүл буруу зарыл. Адабиятты окуп жатып, окуучу сөз даамын татсын, көркөм образдан рахат алсын, жазуучунун тилине тамшансын, сөз байлыгы өссүн, каармандар менен кошо толгонсун, күлсүн, ыйласын жана алар менен бирге азапка кабылсын, турмуштук татаал суроолорго жооп издесин, адабий табити тарбиялансын, эң негизгиси, руху арууланып, инсан катары өссүн, ошол өсүүдө окуган адабий чыгармасы көмөк көрсөтсүн. Бул үчүн окутуунун ийкемдүү формаларын, методдорун, каражаттарын, жаңы ыкмаларын колдонуу талап кылынат. Ар бир сабакты лекция, диспут, семинар, талкуу, сабак-сахна, сабак-конференция, сабак-таймаш, адабий викторина, сабак-тегерек үстөл сыяктуу, мугалимдин ролун өздөрү аткарып жана башка салттык жана интерактивдүү формаларды, ыкма-жолдорду активдүү пайдалануу менен өткөрүү абзел. Студенттердин өз алдынча

иштешине, доклад, реферат, билдирүү, рецензия, аннотация, дил баян жазышына көбүрөөк көңүл буруу жакшы натыйжаларды берет деп ишенсек болот.

Студенттердин аңгемелерди жакшы көрүп окуганын байкасак болот, муну чыгарманын көлөмүнүн кыскалыгы гана эместен анын кызыктуу мазмунда экендигин да айтса болот. Мисалы, айта турган болсок М.Гапаровдун “Эки ирет гүлдөөчү алмалар” аңгемесин окуганда студенттер Сардалдын турмушун өздөрүнүн жашоосу аркылуу карап, аны менен бирге жашап, апасына кылган мамилеси, атасы, өгөй атасы жөнүндө болгон ой толгоолорун талкууга алышат. Ал эми М.Элебаевдин “Узак жол” романын ала турган болсок, чыгарманын автобиографиялык экенине көңүл буруу менен бирге, тарыхыбыздагы эң маанилүү учурду камтыган чыгарма катары, анын сюжетинин негизги идеясы баланы ата-энеден айрыбасын, элде, ата-журтта тынчтык болсун, ар дайым Ала-Тоо болсун, Ала-Тоодо токчулук болсун деп үндөгөн чыгарма. Кыргыз адабиятындагы ар бир чыгарманын мааниси терең жана жеткиликтүү деп айтсак болот.

Азыркы учурда көптөгөн аудиотексттер, көркөм жана окуу боюнча видеофильмдер колдонуу зарыл.

Студенттердин өз алдынча иштөөсүнө көбүнчө чыгармаларды окуу, ырларды жатто иретинде тапшырмаларга көңүл буруу керек. Ошондой эле жалпы жаштардын китеп окуу маданиятын өстүрүү ниетинде ар кандай байгелүү конкурстарды уюштуруп келет, мындай жакшы көрүнүштөрдү ар бир окуу жайы да колго алса жакшы иш болмок.

**Колдонулган адабияттар:**

1. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 4-том. Башкы редактору Асанов Ү. А. К 97. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2012.
2. Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, - Б.: 2004
3. “Кыргызадабияты” https://edu.gov.kg › media › files
4. Иманалиев К. Кыргыз адабиятынын окутуунун методикасы. Ф.: Мектеп 1976
5. Рысбаев С.К.Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы.- Бишкек. – 2006.
6. Макал-лакаптар. “Эл адабияты” сериясы – Бишкек: Шам, 2001
7. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуунун теориялык жана практикалык негиздери. – Бишкек.- 2015

**References:**

1. National Encyclopedia” Kyrgyzstan”: Volume 4. Editor-in-chief Asanov Yu. A. K 97. B.: Center of the State Language and Encyclopedia, 2012.
2. Kyrgyz literature: encyclopedic textbook. Center of the State Language and Encyclopedia, - B.: 2004
3. “Kyrgyz literature” https://edu.gov.kg files “media”
4. K. Imanalieva. Methods of teaching Kyrgyz literature. F.: School 1976
5. Rysbaev S.K. Pedagogy of Kyrgyz children’s folklore.- Bishkek. – 2006.
6. Proverbs and sayings. Folk Literature series – Bishkek: Candle, 2001
7. I. Bekboev.B. Theoretical and practical foundations of personality-oriented learning. – Bishkek.- 2015.